КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**18-март 2026-жыл № 8** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл аймагынан таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйым ставкаларын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 24-главасынын 74–75-76-беренелерин жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Кенеш айыл өкмөтүнүн сунушунун негизинде, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз II-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагынын аймагында таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйым ишке киргизилсин.
2. Кеңеш айыл аймагынын аймагында жеке жана юридикалык жактар – ишкердик иши үчүн төлөмдөр төмөнкүдөй бекитилсин.
3. Таштанды чыгаруу үчүн жыйымдын ставкасы ар бир иштеген кызматкерге жыл сайын 100 (бир жүз) сом өлчөмүндө.
4. Таштанды чыгаруу үчүн жыйымды эсептөө мөөнөтү жыл сайын 1-апрелге чеийн.
5. Таштанды чыгаруу үчүн жыйымды төлөө мөөнөтү жыл сайын 1-апрелге чейин.
6. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана башкы эсепчиге милдеттендирилсин.
7. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.
8. Токтомду көзөмөлдөө жагы Бюджет жана экономика, ички жана сырткы инвестицияны тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.О.Оморов**